**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ - УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР
ИНСТИТУТУ**

**Б.ЕЛЬЦИН** атындагы
**КЫРГЫЗ-РОССИЯЛЫК СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.09.14.003**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 101.1:316.6(575.2.) (043.3)**

**ОРУНБАЕВА ГУЛКАЙЫР ЖОЛОНОВНА**

# ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК: ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

09.00. 11 – социалдык философия

**Философия илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертациянын автореферати**

**Бишкек – 2014**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин доктору, профессор
**Жумагулов Мааметайып Жумагулович**

**Расмий оппоненттери:** философия илимдеринин доктору
**Усекеев Эрмек Жолдошбекович**

философия илимдеринин кандидаты, доцент
**Сааданбекова Чолпон Идирисовна**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасы.
72040 Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү 51

Диссертациялык иш 2015-жылдын 9-январында саат 12.00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институту жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык (Славян) университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.09.14.003 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а).

Автореферат 2014-жылдын 5-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин доктору** **Стамова Р.Д.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Азыркы социомаданий болмуш коомдук турмуштун өзгөрмөлүүлүгү, жаңы геосаясий кырдаал жана антропологиялык динамика, плюрализм, маргиналдык кубулуштар менен мүнөздөлөт. Ошондой эле учурдагы маданий синтездин калыптанышын шарттаган ааламдашуунун интегративдүү тенденциялары басымдуулук кылууда. Ушуга байланыштуу түрдүү жамааттарды, улуттарды улуттук, этностук көрүнүштөрдү камтыган идентификация процесси жүрүүдө.

Социалдык процесстердин жана институттардын олуттуу трансформациясы иденттүүлүк кризисин пайда кылууда. Соңку мезгилде аталган татаал абал социалдык ролдордун алмашуусунан, коомдук чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдөн көрүнөт. Идүүлүк кризиси антропологиялык мүнөзгө ээ, ал жалпы адамзатка таандык баалуулуктардын жоголушуна алып келет. Ошол эле учурда тынымсыз өзгөрүүгө дуушарланган дүйнөдөн индивид туруктуу таяныч издеп, топтук, жамааттык, диний негиздемелерге, этникалык салттарга же улутчулдук чакырыктарга кайрылышы абзел. Бул жагдайда социалдык жана этникалык, улуттук айырмачылыктарды алып жүрүүчүлөргө карата интолеранттык мамиле айрым чыр-чатактардын булагы катары кызмат өтөшү мүмкүн. Бул маселени ааламдашуу, индивидуалдашуу жана социалдык-руханий кризис шартында чечүүгө туура келүүдө. Ошондуктан иденттүүлүк кризисин жоюу, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу туруктуу социалдык өнүгүүнүн стратегиялык багыттарынын бирине айланууда. Мындай иденттүүлүктү калыптандыруу жогору тараптан, мамлекет аркылуу гана жүргүзүлүшү бир жактуу болот. Чындыгында ар бир атуул жарандык укуктарды жана милдеттерди алып жүрүүчү катары өзүнүн иш-аракетине жоопкерчилик менен мамиле жасап, улуттар аралык биримдикти, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө салым кошушу зарыл: «Кыргыз Республикасын андан ары ийгиликтүү жана туруктуу өнүктүрүүнүн башкы шарттарынын бири мамлекеттик жарандык аң-сезимди калыптандыруу жана толеранттуулукка тарбиялоо менен бардык этностук жамааттардын башын кошуп, улуттук биримдикти камсыз кылуу болуп саналат» [2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы [Текст] /Бишкек: Алтын тамга.- 2013.- 345-б.].

Жарандык иденттүүлүктү социалдык-философиялык талдоо жалпы эле иденттүүлүк жөнүндө онтологиялык, когнитивдүү, коомдук-психологиялык, аксиологиялык жагдайларды бириктирген интегративдүү рефлексия түзүүгө негиз болот. Идентификациянын механизмдерин жана факторлорун өздөштүрүү жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга керектүү шарттарды жаратууга жардам берет. Мындай шартталган иденттүүлүк адамдын эмоционалдык абалын жана өздүк баалоосун

аныктаган күчтүү каражат, чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн негизги өзөк болуп саналат да, муундар аралык өтүүчүлүктү камсыздайт. Дегеле идентификациянын эффективдүү механизмдерин үйрөнүү - терең мазмундуу билим берүүнү уюштурууда өтө керектүү өбөлгө, анткени жарандык иденттүүлүктү жоготуу билимдерди өздөштүрүүнүн сапатын төмөндөтөт, инсандын ички дүйнөсүндө деструктивдүү, аморалдык процесстерди пайда кылат. Социомаданий чөйрөдө калыптануучу иденттүүлүк индивиддердин жүрүм-турумунун мотивациясын аныктап, атуулдук коомдун өнүгүшүнүн негизги пайдубалы экендигин эске алып, «Кыргыз Республикасындагы элдердин биримдигин жана этникалар аралык мамилелерди бекемдөө Концепциясында” бирдиктүү кыргызстандык жарандык улутту, улуттук-мамлекеттик иденттүүлүктү калыптандыруу зарылдыгы баса белгиленет.

Демек, изилденүүчү маселенин актуалдуулугу кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу процессинин маанилүүлүгү, соңку социомаданий кырдаалда болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн практикалык багыттары менен түшүндүрүлөт. Жогоруда белгиленген жагдайларды эске алып, жарандык иденттүүлүктүн эволюциялык табиятын, ааламдашуу контекстиндеги функциялануу өзгөчөлүктөрүн философиялык рефлексиянын деңгээлинде системалуу талдоо зарылдыгы келип чыкты. Мындай илимий кызыкчылык изилденүүчү теманын учурдагы актуалдуулугун көрсөтөт.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илим изилдөө иштери менен байланышы.** Тема КР УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун илимий иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп жарандык иденттүүлүк саналат. Изилдөөнүн **предмети** катары жаңы геосаясий мейкиндиктеги жарандык иденттүүлүктүн табияты, ааламдашуунун бул феноменге тийгизген таасири эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациянын негизги максаты - ааламдашуу контекстинде жарандык иденттүүлүктүн маңызын социалдык-философиялык өңүттөн анализдөө. Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү милдеттери аныкталды:

- иденттүүлүктүн эволюциялык табиятын социалдык-философиялык талдоо;
- жарандык коомдогу иденттүүлүктүн болмушун теориялык-методологиялык нукта аныктоо;
- этникалык иденттүүлүк менен жарандык иденттүүлүктүн байланышын иликтөө;
- жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу механизмдерин изилдөө;

- азыркы социумдагы жарандык иденттүүлүктүн өнүгүү тенденцияларын аныктоо;

- патриотизмди жарандык иденттүүлүктүн деңгээли катары анализдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- иденттүүлүктүн социалдык-маданий маңызы илимий-теориялык нукта экспликацияланды;
- жарандык иденттүүлүк атуулдук коомдун контекстинде изилденди;
- этникалык иденттүүлүк менен жарандык иденттүүлүктүн болмуштарындагы байланыштардын көрүнүшү иликтенди;
- коомдук өнүгүүдө жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу механизмдери талдоого алынды;
- ааламдашуу шартындагы жарандык иденттүүлүктүн өнүгүү тенденциялары көрсөтүлдү;
- патриотизм жарандык иденттүүлүктүн деңгээли, өзгөчө формасы иретинде каралды.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизи**

Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин диалектиканын принциптери (жалпы байланыш, өнүгүү, карама-каршылык, системалуулук, тарыхыйлуулук ж.б.) түздү. Ошону менен бирге изилденүүчү проблеманын мазмунун ачуу үчүн илимий таанып-билүүнүн формалдык-логикалык жана тарыхый-салыштырма ыкмалары, цивилизациялык-маданият таануучулук, синергетикалык усулдар пайдаланылды.

Изилдөөдө ааламдашуу процессинин контекстинде жарандык иденттүүлүктүн эволюциялык табияты жөнүндөгү чет өлкөлүк, ошондой эле ата мекендик окумуштуулардын философиялык, социологиялык ой жүгүртүүлөрү колдонулду.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси**

Илимий иштин теориялык мааниси ааламдашуу шартындагы жарандык иденттүүлүк жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Диссертациядагы теориялык-методологиялык нуктагы натыйжаларды азыркы идентификациялык процесстерди талдоодо, жарандык иденттүүлүктүн келечектеги өнүгүү тенденциясы менен байланышкан проблемаларды өздөштүрүүдө, чечмелөөдө колдонууга болот.

Диссертациянын материалдарын жана жыйынтыктарын социалдык философия, глобалистика, маданият философиясы, философиянын тарыхы, саясат таануу боюнча атайын курстарды даярдоодо, аларды студенттерге окутууда пайдаланууга мүмкүн.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Иденттүүлүк социалдык мейкиндикте жана убакытта дайыма өнүгүп, татаалданган кубулуш катары түрдүү социогуманитардык

илимдердин изилдөө обьектиси болуп саналат. Бул феномен субьекттин аңдап-сезилген өздүк аныктоосу; анын маанилүүлүгү үч фактор менен аныкталат: индивиддин белгилүү топко тиешелүү болууга, позитивдүү өздүк баалоого жана коопсуздугун сактоого муктаждыгы. Иденттүүлүк - индивиддин, социалдык топтун башка субьект же топ менен өздүк окшоштуруу процесси, белгилүү топко таандыктыгын, ага тиешелүү экендигин аңдап-сезүүнүн калыптанышын билдирүү менен инсандын жүрүм-турумун багыттоочу мүнөзгө ээ.

2. Жарандык коом - атуулдардын жеке кызыкчылыктары жана талаптары, керектөөлөрү ишке ашкан социалдык турмуштун чөйрөсү. Мында адамдардын өз ара байланыштары жана мамилелери эркин, ыктыярдуу негизде калыптанат. Атуулдук коомдогу жарандык иденттүүлүк - эмоционалдык-когнитивдүү процесс катары жарандын өзүн мамлекет, башка атуулдар менен окшош, тектеш карашы; ал өзүнүн тарыхына, маданиятына, адамдардын идеалдарына, сезимдерине жана кызыкчылыктарына, руханий мурастарына позитивдүү баалоочулук мамиленин туюнтулушу болуп эсептелет.

3. Эволюциялык маңыздагы система катары жарандык иденттүүлүктү кеңири мааниде карай турган болсок, гармониялык мүнөздө өнүгүүчү атуулдук улут ачык туюнтулган этноулуттук иденттүүлүктүн элементтерине таянып гана калыптанып, функциялана алат. Мындай шартта этноулуттук иденттүүлүк жарандык иденттүүлүктүн үстүнөн басымдуулук кылбашы керек. Ошол эле учурда жарандык иденттүүлүк өзүнүн негизи катары кызмат өтөгөн этноулуттук иденттүүлүктөрдү абсолютташтырып, жарандардын социумда басымдуулук кылган этнотүзүлүштөргө тиешелүү экендигин аңдап-сезүүсүн басынтпоосу абзел. Жарандык, мамлекеттик иденттүүлүктүн негизин улуттук (этникалык) өздүк идентификация түзөт. Маданий, илимий, технологиялык, жалпылап алганда цивилизациялык өнүгүүгө жетишүү үчүн улуттук иденттүүлүктү бекемдеп, күчөтүү зарыл.

4. Субьекттердин өздүк аң-сезиминин индикатору катары жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу социумдун бүтүндүгүн сактоонун негизги фактору болуп саналат. Иденттүүлүктү калыптандырууда жалпы адамзаттык, улуттук-этникалык аксиологиялык баалуулуктарды кайра жаратуу, өз менталитетин, тарыхын, каада-салтын, тилин өздөштүрүү, интернационализмди, патриотизмди, толеранттуулукту өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Абийир, ар-намыс, өзүнүн баалуулугун аңдап-сезүү, инсанга кол тийбестик, позитивдүү жүрүм-турум, жоопкерчилик ж.б. жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун негизин түзөт.

5. Ааламдашуу шартында жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларынын бири болуп этнопсихологиялык консолидация, башкача айтканда жалпы атуулдук, этникалык психологияны

калыптандыруу саналат. Азыркы социомаданий кырдаалда Кыргызстандагы иденттүүлүктү өнүктүрүүдө эң натыйжалуу модель-тенденция иретинде өлкөнүн социалдык-саясий өнүгүүсүн аныктаган, бир нече этностордун, улуттардын маданий мурастарын камтыган символикалык системаны кеңейтүү, анын этникалык, жарандык негизин өркүндөтүү каралышы зарыл.

6. Патриотизм - инсандын жарандык жалпылыкка тиешелүү экендигин аңдап-сезүү катары өзгөчө баалуулук. Ал өзүнүн мазмуну, маңызы боюнча жарандык иденттүүлүктүн көрүнүшү, функциялануу деңгээли болуп саналат. Бул кубулуш кыргызстандык коомду, мамлекетти бекемдөөнүн руханий негизи катары мааниге ээ.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Изденүүчүнүн жеке салымы жарандык иденттүүлүктүн эволюциялык маңызын ааламдашуунун контекстинде социалдык-философиялык талдоо менен мүнөздөлөт.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору «Модернизация высшей школы в переходный период: состояние и перспективы» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Бишкек, 2008), ОшМУдагы индиялык борбор уюштурган эл аралык илимий-теориялык конференциялардын (-Ош, 2009, 2010), «Роль человеческого фактора в реализации программы «Комплексная основа развития Кыргызской Республики до 2010 года» аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын (-Бишкек, 2009), «Духовно-нравственное состояние современного Кыргызстана: проблемы и пути решения» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2013), "Современность: философские и правовые проблемы" аттуу республикалык илимий-теориялык конференциянын (-Бишкек, 2012) материалдарында апробацияланды.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун философиянын тарыхы, тааным теориясы, илимдердин тарыхы жана философиясы, социалдык философия, этика жана эстетика бөлүмдөрүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.**

Илимий изилдөөнүн негизги натыйжалары 9 илимий макалада чагылдырылды, анын ичинде 1 макала Казахстанда «Поиск» аттуу эл аралык илимий журналында жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, алты параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү - 156 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Киришүүдө»** теманын актуалдуулугу белгиленип, иштин максаты менен милдеттери аныкталды, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган жоболор, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Иденттүүлүк проблемасын изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери»** аттуу биринчи бапта иденттүүлүктүн эволюциялык табияты, жарандык коом, жарандык иденттүүлүк түшүнүктөрү философиялык рефлексиянын деңгээлинде изилденди.

**«Иденттүүлүктүн социалдык-эпистемологиялык табияты»** деп аталган биринчи параграфта иденттүүлүктүн маңызы, анын илимий-теориялык жактан интерпретацияланышы талдоого алынды.

Иденттүүлүк - адамдын тигил же бул жалпылыкка, маданиятка, каада-салтка жана идеологияга тиешелүү экендигин сезүүсү, латын тилинен которгондо «окшош, дал өзү» дегенди билдирет. Бул термин аркылуу жалпылык, окшоштук, бир нерсенин башка нерсеге дал келишин мүнөздөөгө болот. Анын төмөнкү түрлөрүн белгилөөгө болот: маданий, кесиптик, саясий, этникалык, аймактык, конфессионалдык, жарандык ж.б. Идентификация иденттүүлүктүн калыптануу, функциялануу жана өнүгүү процесси иретинде каралат. Аталган түшүнүк З.Фрейд тарабынан 1921-жылы илимге киргизилген.

Идентификация процессинин ролу эки жактуу. Биринчиден, ал адамды социалдаштырса, экинчиден, коргоочу (ыңгайлашуучу) функцияны аткарат. Иденттүүлүктүн жоюлушу же анын начарлашы жаранга негативдүү таасирин тийгизет. Мындай жагдайда индивид антисоциалдык субьектке айланып, агрессияга, депрессияга дуушар болушу мүмкүн, «ар ким өзү гана үчүн» деген ураан менен жашап калышы күтүлөт. Бул абалды аномия катары кароого болот.

Иденттүүлүктүн калыптанышындагы идентификациянын маанисин белгилөө менен Э.Эриксон индивиддин жүрүм-турумунун ыңгайлашуучу жагдайын баса көрсөткөн. Ал иденттүүлүктү индивиддин тарыхый доорго жана ага мүнөздүү болгон инсандар аралык карым-катнаштын тибине тиешелүү экендигин сезүү иретинде эсептейт. Демек, анын пикирине ылайык иденттүүлүк адамдын тигил же бул тарыхый доордо басымдуулук кылган социалдык-психологиялык образы менен инсандын өзүнө тиешелүү идеяларынын, образдарынын жана баалуулуктарынын гармониясы [Эриксон, Э. Идентичность: юность и кризис [Текст] / Э. Эриксон.- М.: Прогресс, 1996.-40-бет]. Ошону менен бирге Э.Эриксон иденттүүлүктүн структурасында позитивдүү жана негативдүү элементтерди бөлүп карайт. Анын ою боюнча коомдук кризистин

күчүнөн көз карандылыкта көпчүлүк субьекттерде негативдүү элементтер басымдуулук кылган мезгилдер кеңири учурайт.

Иденттүүлүк – цивилизациялык мейкиндик-мезгилдик континуумда функцияланган, ички карама-каршылыкка ээ болгон социалдык-психологиялык көрүнүш. Аталган феномендин маани-маңызын чечмелөөгө арналган чет өлкөлөрдөгү изилдөөлөрдө этникалык иденттүүлүк жөнүндөгү теориялар негизги орунда турат. Алар субьективдүү-реалисттик, ошондой эле идеалисттик мазмундагы концепцияларды камтыйт. Бул багытта Б. Андерсондун, Э. Галлнердин, Т.Р.Гэррдин, Л. Деспресстин, К. Дойчтун, У. Коннордун, Г. Кондун, Э.Смиттин, С.Хантингтондун, Р.Ханиндин, Э. Хобсбаумдун, К. Хюбнердин, Г. Хутиндин, М. Хачтердин, Х. Фишердин, Й. Файхтингердин, С.Н. Арутюняндын, Э.А. Баграмовдун, А.О. Бороноевдин, Ю.В. Бромлейдин, А.Х. Гаджиевдин, А.И. Горячевдин, Л.М. Дробижевдин, Н.С.Джунусовдун, А.Г. Здравомысловдун, Н.А. Знаменскийдин, С.Т. Калтахчяндын, Д.И. Козловдун, Ч.В Чешконун жана башка изилдөөчүлөрдүн эмгектери зор теориялык-методологиялык мааниге ээ. Бул иликтөөлөрдө ар түрдүү өлкөлөрдөгү социалдык-экономикалык, социалдык-маданий жагдайлардын өңүтүндө иденттүүлүктүн табияты, көрүнүштөрү, функциялануу өзгөчөлүктөрү, жана мамлекеттердин, өлкөлөрдүн өнүгүшүндөгү анын ролу жөнүндөгү түрдүү экспликациялар берилген.

Кыргыз элинин философиялык ой жүгүртүүсүнүн контекстинде иденттүүлүк жөнүндөгү көз караштар Р. А. Ачылованын, А.А.Алтмышбаевдин, Б.А.Аманалиевдин, М.М.Амердинованын, М.Т. Артыкбаевдин, А.А. Бекбоевдин, Ж.Б. Бөкөшөвдүн, А.Х.Бугазовдун, А.К.Джусупбековдун, К.Исаевдин, А.И.Исмаиловдун, Ы.М. Мукасовдун, А.И.Нарынбаевдин, Ш.М.Ниязалиевдин, Н.К.Саралаевдин, Р.Д.Стамованын, О.А.Тогусаковдун, Ж.К.Урманбетованын, М.М.Эдилованын, А.Б.Элебаеванын ж.б. эмгектеринде чагылдырылган. Бул жагдай аталган окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү философиялык рефлексиялар иденттүүлүк проблемасын иликтөөнүн теориялык негизи катары кызмат өтөшү менен түшүндүрүлөт.

Иденттүүлүк, айрыкча жарандык иденттүүлүк жөнүндөгү философиялык-методологиялык изилдөөлөрдүн өнүгүшүнө А. Элебаеванын эмгектери зор салым кошту. Көп жылдар бою уланып келген тынымсыз изилдөөлөрдүн натыйжасында аталган багытта илимий мектеп калыптанып, ал этно-улуттук проблемага адистештирилген («Новые задачи в совершенствовании национальных отношений» - Фрунзе, 1986; Основные уровни и механизмы развития социалистических национальных культур в советском обществе: Автореферат дис.… д-ра философских наук. -М, 1987.-С.36).

Ж.К.Урманбетова өзүнүн изилдөөлөрүндө жаранды инсандык, социомаданий, улуттук-этникалык жана руханий-аксиологиялык контекстте иликтеп, субьекттин ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшү коомдун социалдык системасынын деңгээлинин өсүшүнө, өзүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүн талдоого, маданиятты руханийликтин ченеми катары кароого өбөлгө түзөт деп белгилейт. Аталган жагдайлар социомаданий өнүгүүнү, жарандык иденттүүлүктүн калыптанышын изилдөөдө зор теориялык-методологиялык мааниге ээ (Культура кыргызов в контексте развития цивилизации. Автореф. доктора филос.н., -Бишкек, 1997.- С.21).

Изилденип жаткан кубулуштун татаал табиятына көңүл буруу менен Р.А.Ачылова өз изилдөөлөрүндө адамдын иденттүүлүгүнүн калыптанышына үй-бүлөнүн жана тилдин тийгизген таасирин философиялык рефлексиянын деңгээлинде экспликациялаган. Окумуштуунун пикири боюнча тилдин жардамы аркылуу үй-бүлөнүн мүчөлөрү өздөрүнүн белгилүү этноско таандык экендигин аңдап-сезишет. Улуттук тил, анын байлыгы жана тагдыры элдин улуттук сыймыгынын көрүнүшү экендиги белгиленет («Нация и семья».-Фрунзе, 1984.-272 с.). Бул пикирди улантуу менен М.М.Амердинова, М.М. Эдилова этникалык жана жарандык иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн, байланыштарын иликтөөгө зор маани беришкен.

Соңку мезгилдердеги философиялык изилдөөлөрдө, мисалы, М.Карыбаеванын илимий эмгектеринде улуттук аң-сезим феномени, айрыкча анын структурасындагы этникалык жана саясий компоненттер, калыптануу жана өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, өзгөчөлүктөрү, көрүнүү формалары талдоого алынат (Карыбаева М. Национальное самосознание: социально-философский анализ. Автореф. канд.филос.н.-Бишкек, 1999). Ушул өңүттө А.К. Джусупбековдун «Этническая идентичность номадов» аттуу монографиясында этникалык иденттүүлүк философиялык рефлексиянын негизинде изилденген. Ошондой эле иденттүүлүк маселеси К.Исаевдин эмгектеринде да кеңири чагылдырылгандыгы белгилүү. Окумуштуу кийинки кезектерде «окшоштук», «бирдейлик», «кимдик» деген улуттук түшүнүктөрдүн ордуна «иденттүүлүк» жана «идентешүү» деген аныктамалар парадигмалык категория катары кыргыз социология илиминде кеңири колдонулуп, теориялык жана сурамжылоо ыкмалары аркылуу изилдөөлөр жүргүзүлө башталгандыгын баса белгилейт [Исаев К. Иденттүүлүк жана идентешүү маселелеринин тарыхы, теориясы жана келечеги [Текст] / К.Исаев.-Гуманитарные проблемы современности.-Б., 2013.-38-40-беттер].

Жалпылап айтканда, иденттүүлүк - социомаданий жана индивидуалдык-психологиялык функцияларды аткарган, татаал структуралык түзүлүшкө ээ болгон кубулуш. Иденттүүлүктүн вертикалдык жана горизонталдык ченемдерин, обьективдештирүү,

индивидуалдык жана топтук аспектилерин, максаттык, мазмундук жана баалоочу параметрлерин бөлүп кароого болот. Индивидуалдык иденттүүлүк инсандык жана социалдык сыяктуу эки деңгээлге бөлүнөт. Мында социалдык иденттүүлүк окшоштукка, ал эми инсандык иденттүүлүк айырмачылыкка таянат. Өзүнүн этнос, улут, кесиптик топ, мамлекет менен окшоштугун аңдап-сезүү этникалык, гендердик, кесиптик жана жарандык иденттүүлүктүн негизин түзөт. Иденттүүлүктүн факторлоруна белгилүү чектерге ээ болгон маданий-цивилизациялык мейкиндик, социалдык убакыт, каада-салттар, коммуникация формалары, искусство, фольклор, идеология, индивиддин билим деңгээли ж.б. кирет.

**«Атуулдук коомдун системасындагы жарандык иденттүүлүктүн болмушу»** аттуу экинчи параграфта «жарандык коом», «жарандык иденттүүлүк» түшүнүктөрү, алардын биримдиги талданды.

Жарандык коом жарандардын же атуулдардын жеке кызыкчылыктары жана талаптары, керектөөлөрү ишке ашкан социалдык турмуштун чөйрөсү болуп саналат. Мында өз ара байланыштар эркин жана ыктыярдуу негизде калыптанат, ал ачык мүнөзгө ээ болуп, мамлекеттен тышкаркы институттарды, мамилелерди өз кучагына алат, андагы эркин индивиддердин иш-аракетине мамлекет кийлигише албайт. Кыргызстанда жарандык коомдун өнүгүшү үчүн төмөнкү шарттар талап кылынат: саясий стабилдүүлүктү сактап, жарандык тилектештикке, социумдарды модернизациялоо маселелери боюнча консенсуска жетишүү; туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүү; индивиддин өз алдынчалыгын, эркиндигин өстүрүү; коомду руханий-нравалык жана диний жактан тазартуу. Функционалдык түрдө жарандык коом төмөнкү милдеттерди аткарат: индивиддерди социалдаштыруу; жеке кызыкчылыктар чөйрөсүндө өздүк башкарууну жана өздүк уюштурууну ишке ашыруу; жарандардын жана топтордун кызыкчылыктарынын макулдашуу, айкалыштыруу механизмдерин иштеп чыгуу; коомдун бүтүндүгүн камсыз кылуу максатында социалдык тилектештикти калыптандыруу.

Атуулдук коомдун калыптануу процессинде жарандык иденттүүлүк белгилүү топко, жамаатка мүчө болуу сезиминин натыйжасында пайда болот. Жарандык иденттүүлүк индивиддин коом, өлкө, мамлекет менен бардык типтүү социомаданий ченемдерде окшоштугун көрсөтөт. Аларга тилди, менталдуулукту, дүйнөнүн сүрөттөлүшүн, социомаданий баалуулуктарды, жүрүм-турум нормаларын кошууга болот. Бул контекстте мамлекеттик-жарандык, улуттук-жарандык иденттүүлүк түшүнүктөрүнө көңүл буруу зарыл. Жарандык иденттүүлүк социалдык-саясий, этникалык, маданий, диний өзгөчөлүктөрдүн негизинде калыптанат.

Жарандык иденттүүлүк өнүгүп туруучу маданий-цивилизациялык кубулуш катары өзүнө төмөнкү компоненттерди камтыйт: когнитивдүү (тигил же бул социалдык жалпылыкка тиешелүү экендиги жөнүндөгү билим); баалуулуктук-маанилүүлүк (позитивдүү, негативдүү же амбиваленттик мамиле), эмоционалдык (өзүнүн таандыктыгын кабыл алуу же албоо), ишмердүүлүктүк (баарлашууда жана иш-аракеттерде жарандык позициясын реализациялоо, атуулдук активдүүлүк, коомдук мааниге ээ болгон социалдык-маданий ишмердүүлүккө катышуу) ж.б. Жарандык иденттүүлүктүн мындай түзүлүшүнүн борборунда укуктук билимдер, социалдык-демографиялык топтун укуктук компетенттүүлүгү турат; алардан өз эркиндигин коргоо, башка атуулдар жана социумдар менен өз ара байланышуу мүмкүнчүлүгү көз каранды. Жарандык иденттүүлүктүн төмөнкү функцияларын бөлүп кароого болот: аккумулятивдүү жана тарбиялык; башкача айтканда, жарандык иденттүүлүк социалдык тажрыйбаны чогултуп, жыйнап, кийинки муундарга өткөрүп берет; регулятивдик; мында изилденип жаткан кубулуш коомдук мамилелерди жөнгө салат; нормативдүү функция; бул учурда жарандык өздүк аң-сезим аңдап-сезилген негиздеме, багыт, адат же каада-салт катары каралат; коммуникативдик функция; баалоочу функция ж.б.

Демек, жарандык иденттүүлүк - эмоционалдык-когнитивдүү түзүлүш катары жарандын өзүн өлкө, мамлекет, этносоциалдык жалпылык, ошондой эле башка атуулдар менен окшош карашы; ал элдин тарыхына, маданиятына, атуулдардын идеалдарына, сезимдерине жана кызыкчылыктарына, руханий мурастарына позитивдүү баалоочулук мамилени билдирет.

**«Этникалык иденттүүлүк менен жарандык иденттүүлүктүн байланышы»** деп аталган үчүнчү параграфта этникалык, жарандык иденттүүлүктөрдүн диалектикалык байланышы социалдык-философиялык талдоого алынды.

Жарандык иденттүүлүк проблемасын изилдөөдө анын этникалык идентификация менен болгон байланышын аныктоо зор мааниге ээ. Кыргызстан мамлекетинин атуулдарынын аң-сезими үч башталыштын биримдигинен турушу зарыл: биринчиден, бул - өзүнүн этносуна тиешелүүлүгүн сезүү, элинин тарыхын, каада-салттарын сыйлоо, өз калкынын тилин жана маданияттын сүйүү; экинчиден, көп элдүү коомчулукка тиешелүүлүгүн сезүү, патриоттуулук, этникалуулук, түрдүү калктарды бириктирген мамлекеттин тагдырына жоопкерчиликтүү экендигин түшүнүү; үчүнчүдөн, дүйнөлүк коомчулукка тиешелүүлүгүн жана бүткүл адамзаттын тагдырына жоопкерчиликтүү экендигин сезүү.

Азыркы социомаданий кырдаалда Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү мамлекеттин негизин түзгөн кыргыз этносу менен чогуу өздөрүн республиканын жарандары катары аңдап-сезүү менен бирге

жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга аракеттенип жатышат. Бул жагдай бирдиктүү кыргызстандык саясий улуттун калыптанышында зор мааниге ээ. Социалдык реалдуулукта тигил же бул этноулуттук иденттүүлүктөн бөлүнгөн абстракттуу жарандык иденттүүлүк болбойт. Ошол сыяктуу эле белгилүү жарандык иденттүүлүктөн тышкары жашаган этноулуттук иденттүүлүк жөнүндө сөз кылууга мүмкүн эмес.

Социалдык жамааттын субьектиси болгон инсандын жарандык сапаты анын субстанциалдык мүнөздөмөлөрүнүн бири иретинде каралат. Бул жагдай анын индивиддин болмушунун жеке формаларына же аксиологиялык төмөнкү деңгээлдерине карата аныктоочу маанисин белгилейт. Жарандык жалпылык улуттук (этникалык) өздүк идентификациянын мүмкүндүгүн кыскартат жана толугу менен жоет деген пикирге кошулууга болбойт, анткени мындай шартта этникалык мүнөздөмөнү өздүк аныктоого ээ болгон субьект жеке иш катары тандап алат.

Азыркы геосаясий мейкиндикте жарандык иденттүүлүккө таянуу зарылдыгын турмуш өзү тастыктап жатат. Өзүн бирдиктүү жарандык жалпылык катары аңдап-сезиш үчүн этносоциалдык түзүмдөр бирдиктүү интеграциялык процесстерде аракеттениши зарыл. Башкача айтканда, бардык улуттардын өкүлдөрү жарандык укуктарын билип, талап кылуу менен бирге атуулдук милдеттерин, парзын, жоопкерчилигин жана абийирин так аткарышы абзел. Аталган жагдайлар жалгыз эле жарандык, этникалар аралык консолидация чегинде эмес, ички этникалык өнүгүү, этноаймактар аралык мамилелерди калыптандырып, өнүктүрүүдө эске алынышы максатка ылайыктуу. Кыргызстандыктардын жаңы иденттүүлүгүн жалгыз эле кыргыз этносунун аксиологиялык ченемдерине, мифтердин жана символдордун комплексине таянып курууга болбойт, ошондой эле кыргыз иденттүүлүк системасын эске албай туруп аймактык, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу мүмкүн эмес. Номаддык этникалык иденттүүлүк зор энергетикалык күчкө ээ. Ошол эле учурда тигил же бул уруунун, уруктун ролун абсолютташтыруу туура эмес. Трайбализм, урууччулдук, аймакчылык же улутчулдук тенденцияларынын күчөшү өлкөнүн түндүк-түштүккө бөлүнүшүнө, улуттар аралык же этникалар ичиндеги чыр-чатактын курчушуна, бирдиктүү жарандардын, этностордун урую-уруктарга бөлүнүшүнө алып келет.

Демек, этникалык иденттүүлүк тилге, маданиятка, улутка, тарыхка, аймакка таянса, жарандык иденттүүлүк атуулдардын обьективдүү реалдуулуктагы ордуна, геосаясий мейкиндиктеги, маданий-цивилизациялык өнүгүүдөгү абалына, өлкөнүн ресурстарына, маданияттагы жетишкендиктерге ж.б. мүнөздөмөлөргө таянат.

**«Ааламдашуу шартында Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн функцияланышы»** аттуу экинчи бапта жарандык

иденттүүлүктү калыптандыруу механизмдери, аталган феномендин өнүгүү тенденциялары жана патриотизм кубулушу изилденди.

**«Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу механизмдери»** аттуу биринчи параграфта Кыргызстанда бул каражаттардын мааниси социалдык-философиялык өңүттө иликтенди.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы татаал эволюциялык процесс болуп саналат, ал өзүнүн закон ченемдүүлүктөрүнө жана өзгөчөлүктөрүнө ээ, инсандын реалдуу болмушу катары «мен» концепциясы менен тыгыз байланышкан. Бул процесс инсандын дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышына жана көп маданияттуу мейкиндиктеги атуулдун социалдашуусуна чоң таасирин тийгизет. Жарандык иденттүүлүктүн калыптануу жагдайында инсан өзүндөгү атуулдук жана улуттук-этностук сезимдерди аңдап-билүүсү, адамдык тиешелүүлүгүн, улуттар аралык мамилелерди өз ара түшүнүү зарылдыгын сезүүсү абзел. Андыктан атуулдук иденттүүлүктүн калыптануусунун бир нече механизмдерин белгилөө максатка ылайыктуу:

-өзүнүн өлкөсүнүн тарыхы, маданияты, салттык руханий-адептик баалуулуктары жөнүндөгү билимдерди ырааттуу кабыл алуу жана өздөштүрүү;

- улуттук маданиятты, тилди жана каада-салттарды сактоо, барктоо, үйрөнүү;

-өлкөбүздө жашаган улуттардын маданиятына, динине, каада-салттарына, менталдуулугуна сый мамиле жасоо;

- азыркы көп маданияттуулук өкүм сүргөн социумда инсанга өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга шарт түзүп берүү.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда уруу-уруктук иденттүүлүктүн социалдык-психологиялык негизи болгон коллективдүү үрп-адаттарды, салттуу жалпылыктарды, ошондой эле топтук баалуулуктарды, алардын позитивдүү элементтерин пайдалануу зор мааниге ээ. Алардын өз ара аракеттенишинин төмөнкү формаларын белгилөөгө болот: тууганчылык, журтчулук, коншулук, ынтымак, жардам, кошумча, ашар, саан, мингич ж.б. Бул контекстте кыргыздардын салттуу ой жүгүртүүсүнүн архетипи болуп номадизм эсептелет, ал маданияттын инварианттык моделин түзүп, биздин болмушта бүгүнкү күндө да басымдуулук кылат. Кыргыз-номаддардын салттуу ой жүгүртүүсүнүн мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп контекстуализм саналат, ал жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда белгилүү мааниге ээ (контекстуализм-өзүн уруунун контекстинде аңдап-сезүү). Контекстуализмдин пайда болушу зарылдык катары элибиздин жашоо турмушу менен шартталган, анткени стихиялык күчтөргө жалгыз адамдын күчү жетпей, жалпы уруу каршы күрөшүүгө аракеттенген [Урманбетова Ж.К.Кыргызский трайбализм: вчера, сегодня и завтра.-Бишкек, 2014].

Жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда жалпы адамзаттык руханий баалуулуктарга, аны менен катар кыргыз элинин этностук аксиологиялык ченемдерине, «Манас» эпосунун руханий дөөлөттөрүнө кайрылуу оң натыйжаларды берет. Ошондой эле бул жагдайда мамлекеттүүлүктү өнүктүрүү, бекемдөө, ал максат-идеяны коомдук өнүгүүгө ылайык реализациялоо да жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун механизмдеринен боло алат. Мамлекеттүүлүк – бул жалгыз эле мейкиндикте линия аркылуу чектелген аймак, мамлекеттик атрибуттар, мажбурлоонун жана башкаруунун аппараты эмес, анда негизги орунда улуу улуттук идея, өздүк аң-сезим турат.

Бүгүнкү геосаясий мейкиндикте Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын бир нече баскычтарын бөлүп көрсөтүүгө болот: Биринчи баскыч (1986-1990-ж.ж.) советтик идентификациялык баалуулуктардын акырындап жоюлушу менен мүнөздөлөт. Мында салттуу маданият менен батыш аксиологиялык ченемдери кагылышып, социалдык процесстер амбиваленттүү мүнөзгө ээ болот. Бул мезгилде жарандардын идентификациялык стратегияларынын калыптанышына алардын улуттук-этникалык багыттары зор таасирин тийгизет. Аталган кырдаалда инсан менен мамлекеттин ортосундагы мамиле да начарлайт. Экинчи баскыч (1991-1993) иденттүүлүктүн кризиси, коллективдик тилектештикке, толеранттуулукка болгон атуулдук ишенимдин начарлашы, жоголушу менен коштолот. Бул жагдайда Кыргызстанда расмий кабыл алынган улуттук-этникалык жана жарандык иденттүүлүктөрдү өнүктүрүү жөнүндөгү жоболор чоң мааниге ээ болгон. Үчүнчү баскычта (1993-1995) этникалык белгилер жана бекемделген социалдык жалпылыктар биринчи орунга чыгып, жарандык идентификациялык дифференциация күчөйт. Орус тилдүү калк Кыргызстандын чегинен башка өлкөлөргө кете баштайт. Төртүнчү баскыч 1995-жылдан башталып, жалпы кыргызстандык жарандык иденттүүлүк процесси жанданат. Ушул өңүттө жарандык коомдун иденттүүлүгүн калыптандыруу процессинде тарбия, билим берүү, адистиктерди даярдоо деңгээли, социалдык-экономикалык абал, этникалар аралык мамилелер, калктын саламаттыгы, маданият, дин ж.б.проблемалар негизги орунда турат.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандын өнүгүү процессинин азыркы баскычында атуулдардын аң-сезиминин маанилүү индикатору болгон жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу социумдун бүтүндүгүн сактоонун, мамлекетти бекемдөөнүн жана улуттардын, этностордун ынтымагы камсыз кылуунун зарыл шарты болуп саналат. Иденттүүлүктү калыптандыруудагы механизмдер катары позитивдүү каада-салттарды, үрп-адаттарды сактоо, өз тарыхын, тилин, дилин терең өздөштүрүү,

патриотизм, толерантттуулук сыяктуу баалуулуктарды кайра жаратуу абзел.

**«Ааламдашуу шартында жарандык идентүүлүктүн өнүгүү тенденциялары» аттуу** экинчи параграфта идентүүлүктүн азыркы социомаданий кырдаалдагы өнүгүү багыттары аныкталып, иликтенет.

Жаңы геосаясий мейкиндикте болуп жаткан өзгөрүүлөр, ааламдашуу процесси субьекттердин социалдык идентүүлүгүнүн алмашышына алып келүүдө. Мындай шартта идентүүлүктүн мурунку мезгилдерден бери бекемделген салттуу негиздери өзгөрүүгө дуушар болууда, башкача айтканда үй-бүлөнүн кызыкчылыктары боюнча бириккен топтордун, этникалык маданияттын, диндин, мамлекеттик идеологиянын идентүүлүктүн калыптануу процессине болгон таасири төмөндөөдө. Ааламдашуу шартында социалдык-маданий байланыштар интенсификацияга дуушар болуп, мындай кырдаалда инсан өзүнүн туруктуу ордун сактап калууга умтулат, ошондой эле адам жашоосунда жекече мүнөз басымдуулук кылып, индивидуалдашат. Ошону менен бирге идентүүлүктүн, улуттук маданияттардын четке кагылып, жоюлушу байкалууда. Мындай учурда окшош, бир тараптуу маданият калыптанып, социум унификацияга дуушар болот да, идентүүлүктүн баалуулуктары өз ордун жоготот.

Соңку мезгилде батыш маданияты үстөмдүк кылып, анын натыйжасында келип чыккан социалдык-руханий кризистен жалпы адамзаттык аксиологиялык ченемдерди, ой жүгүртүүнүн, кыргыз менталитетинин өзгөчөлүгүн сактоо аркылуу чыгуу зарыл, саясатта, экономикада, экологияда жана коомдук-маданий чөйрөлөрдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн таасирин аныктоо абзел. Массалык маалымат каражаттары азыркы идентүүлүктүн өзгөчөлүгүн, тактап айтканда өзгөрмөлүүлүгүн, ар түрдүүлүгүн аныктайт. Көп сандаган карама-каршылыктуу маалыматтык агымдын таасири астында жарандардын аң-сезими дискреттүү, убактылуу, фрагментардык мүнөзгө ээ болуп, мындай шартта адам турмушта ишеничтүү таянычын жоготууда, туруктуу аксиологиялык ченемдер кыйрап, маалыматтан четтөө, алыстоо өкүм сүрүп, инсандын руханий апатиясы күчөөдө. Анын натыйжасында руханий жакырчылыктын жана экзистенциалдык жалгыздыктын неврозу басымдуулук кыла баштайт. Андыктан жарандын идентүүлүгүн калыптандыруу, жашоодогу стратегиясын туура тандоо жөндөмдүүлүгү азыркы цивилизацияны сактап калуунун эң негизги факторлорунун бирине айланууда. Мындай идентүүлүк өзүн айырмалай билүүгө жөндөмдүү болгон индивиддин жана маданияттын мейкиндиктик-убакыттык континуумдагы өз ара аракеттенишинин натыйжасы болуп саналат.

Ааламдашуу шартында иденттүүлүктүн трансцивилизациялык, цивилизациялык, аймактык жана этникалык деңгээли биринчи орунга чыгат. Аталган жагдайда тармактык жана корпоративдик иденттүүлүк өнүгөт. Коомдун өнүгүшүнүн кризистик баскычтарында үй-бүлөлүк иденттүүлүктүн, негативдүү иденттүүлүктүн, этникалык иденттүүлүктүн маңызын ырааттуу өздөштүрүү зарыл. Иденттүүлүктүн азыркы учурдагы кризисинин универсалдуу мүнөзү изилденип жаткан феномендин социалдык субьекттин имманенттүү өнүгүүсүнөн эмес, көбүнчө тышкы факторлордон, тактап айтканда, глобалдык коомдук өзгөрүүлөрдөн болгон көз карандылыгы менен шартталат.

Кыргызстандын суверендүүлүкко ээ болгон мезгилинен тартып уруу-уруктук ан-сезим кайрадан жанданып, жаңы статуска ээ болду. Бул өңүттө трайбализмдин күчөөсү ички жана тышкы факторлор менен шартталган. Тышкы факторлорго миграциялык процесстерди кошууга болот. Башка этностордун өкүлдөрүнүн көпчүлүк бөлүгү Кыргызстандан активдүү түрдө көчүп кете башташып, мында “биз”, “алар” проблемасы этникалар аралык деңгээлден уруулук деңгээлге өтүү, салттуу түрдө айрым урууларга бөлүнүү күчөгөндүгү байкалат. Ички факторго улуттук аң-сезимдин төмөнкү деңгээлинде болушу кирет. Мындай абал советтик мейкиндиктеги уруу маселесине карата тыюу салууларга каршы реакция иретинде кабыл алынышы абзел.

Көз карандысыздыкка ээ болгон мезгилден тартып саясатта салттуу тарыхый трайбализмдин жаңы модификациясы пайда болду. Трайбализм шайлоо учурларында негизги курал катары колдонулуп, мындай практика партиялык критерий жайылганга чейин өнүккөн. Буга мисал катары жогорку бийликтеги лидерлердин уруудан бата алышын, курултайды кароого болот. Курултай саясий процесстердин жүрүшүнө таасир тийгизүүчү каражат катары мамлекеттик бийлик жана оппозиция тарабынан аймактык жана республикалык денгээлде кенири колдонулат. Демек, уруу-уруктук аң-сезимдин көрүнүштөрү абсолютташтырылган жагдайда улуттук консолидация жөнүндө сөз кылууга мүмкүн эмес. Тынымсыз уруу-уруктук бөлүнүү элдин биримдигин бузуп жарат, анын натыйжасында улуттун жоголуу коркунучу теориялык проблемадан практикалык реалдуулукка айланышы мүмкүн (Урманбетова Ж.К.Кыргызский трайбализм: вчера, сегодня и завтра.-Б., 2014).

Элдин жарандык улут катары ички биримдиги айрыкча ааламдашуу шартында өтө зарыл. Бул аспектиде идентификация процесси азыркы коомдун өнүгүү тенденциясы катары бүгүнкү күндө өтө маанилүү. Ошондуктан кыргыз трайбализми жарандык иденттештирүү процессинде, ошондой эле ааламдашуу контекстинде кыргыздардын улут катары консолидациясында ички коркунучту пайда кылат. Бул жагдайды

мамлекеттик саясатты калыптандырууда жана өнүктүрүүдө эске алуу зарыл.

Жалпысынан, ааламдашуу шартындагы Кыргызстандагы жарандык иденттүүлүктүн өнүгүү тенденцияларын, интеграциялык мүнөздөмөлөрүн теориялык-методологиялык изилдөө иденттүүлүктүн приоритеттик формасын, этноулуттук кызыкчылыктардын жана баалуулуктардын негизинде пайда болгон чыр-чатактарды чечүүнүн социалдык-саясий технологиясын аныктоонун стратегиясын иштеп чыгууну камтыйт. Этноулуттук келишпестиктерге маданий-цивилизациялык мамиле жасоо саясий-укуктук технологияга байланыштуу социомаданий легитимациянын методологиялык чектелишин жеңип чыгууга өбөлгө түзөт.

**«Патриотизм - жарандык иденттүүлүктүн деңгээли»** аттуу үчүнчү параграфта аталган кубулуш социалдык-философиялык өңүттө экспликацияланды.

Патриотизм (мекенчилдик) феномени коомдук аң-сезимдин базалык компоненттеринин бири катары системдүү структурага ээ, жарандардын өзүнүн Ата-мекенине, анын тарыхына, маданиятына, каада-салттарына, тиричилигине карата сүйүү, сыймыктануу жана берилгендик сезиминде туюнтулат. Бул түшүнүк өз мекенин коргоого маданий-нравалык жактан инсандын милдеттүүлүгүн, ошондой эле башка жалпылыктардын өздүк баалуулугун, өз алдынчалыгын кабыл алып, алардын көз карандысыздыкка болгон укугун аңдап-сезүүнү билдирет.

Мамлекеттик кызыкчылыктар Ата-мекендин кызыкчылыктары менен дал келгенде жарандуулук патриотизм менен шайкеш биригет, мындай жагдайда “Ата-мекен” жана “мамлекет” түшүнүктөрү окшош мааниге ээ болушат. Жарандык иденттүүлүктүн обьектиси болуп мамлекет эсептелсе, патриотизмдин обьектиси катары Ата-мекен саналат. Улуттук маданият, улуттук аң-сезим, улуттук тил түшүнүктөрү менен катар эле улуттук патриотизм да өз Ата-мекенине, Ата журтуна, шаарына, айыл-кыштагына карата берилгендикти, сүйүүнү, урматтоочулук, аео сезимин көрсөтөт. Аталган шартта патриотизмдин улутчулдуктун этнократизм, этноцентризм, этнозордуктоо сыяктуу терс формаларына өтүп кетпешин көзөмөлдөө зарыл. Алардын ортосундагы айырмачылыкты төмөнкүчө көрсөтүүгө болот: патриотизм өзүнө, жакындарына карата сүйүү сезиминен башат алса, улутчулдук өзүнүкү эместерди, башкаларды жек көрүү сезимине негизделген. Соңку мезгилде жарандык жана патриоттук аң-сезимдин деформациясы күчөп жаткандыгын байкоого болот. Бул процесс батыш маданиятын колдоо, улуттук нигилизм сыяктуу көрүнүштөр менен коштолууда. Мындай жагдай жалгыз эле материалдык баалуулуктар дүйнөсүнө гана эмес, интеллектуалдык-руханий чөйрөгө да мүнөздүү.

Мекенчилдик улуттук-мамлекеттик иденттүүлүктүн форма түзүүчү принциби катары көп деңгээлдүү мүнөзгө ээ жана идентификациянын үч негизги тибинин биримдиги аркылуу реализацияланат: мамлекеттик, улуттук жана жарандык (инсандык). Патриотизм социомаданий, улуттук жана жарандык идентификациянын деңгээли катары бүгүнкү иденттүүлүк кризис шартында интеграциялык жана консолидациялык жөндөмдүүлүккө ээ экендигин белгилөө зарыл. Мекенчилдик - субьекттин жамаатка кошулушунун баалуулугун жана зарылдыгын сезүү, ошондой эле индивидуалдуулукту жана өз алдынчалыгын сактоо. Анын мааниси жана функциясы мамлекеттин бекемделишинде жана улуттун бүтүн биримдик (маданий, аймактык, мамлекеттик-саясий, социалдык-экономикалык) катары сакталышында турат. Бул өңүттө патриотизм – жарандардын касиеттеринин жана мүнөздөмөлөрүнүн татаал комплексин чагылдырган ар тараптуу жана көп аспектиге ээ болгон көрүнүш, ал социалдык системанын функцияланышынын ар кандай деңгээлдеринде түрдүүчө көрүнөт.

Патриотизм же мекенчилдик мамлекеттик кызыкчылыктарга жана баалуулук багыттарга, жалпы максаттарга умтулууну билдирет. Мамлекет эң жогорку башкаруу түзүлүшү жана баалуулук катары патриоттук сезимдердин негизги обьектиси болуп саналат. Татаал интегралдык инсандык мүнөздөмө катары патриотизм өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: ата-мекенге карата сүйүү; өз өлкөсүнө берилгендик жана кызмат кылуу; мекен менен бөлүнгүс биримдик, кызыкчылыктардын идентификациясы, өз жашоосун, тагдырын ата-мекендин тагдыры менен бириктирүү; активдүү жарандык позицияга ээ болуу, өз мекенинин кызыкчылыктарын жактоо, өлкөнүн жыргалчылыгы үчүн эмгектенүү; калктын кызыкчылыгы үчүн керек болсо жанын курмандыкка чалуу, өлкөсүнө кызмат кылууну өздүк аныктоосунун негизи, милдети катары кабыл алуу; ата-мекенди инсандын баалуулуктары иретинде кабыл алуу; өз элинин маданияты, жетишкендиктери менен сыймыктануу, тарыхый мурастарына, алдыңкы каада-салттарына урматтоочулук менен мамиле жасоо; инсандын эгоисттик көз караштарын четке кагып, коомдук дөөлөттөрүн өркүндөтүү; башка элдерге жана маданияттарга урматтоочулук менен мамиле жасоо ж.б.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандагы азыркы кырдаалда мамлекеттик патриотизмди күчөтүп, социомаданий жана саясий легитимациялоонун комплекстүү моделин түзүү зарыл (кыргызстандык патриотизм, суверендүү демократия, евразиялык патриотизм). Этноулуттук плюрализмдин чегинде ата-мекендик улуттук патриоттук иденттүүлүктүн белгилерин аныктоо бүгүнкү күндөгү илимий-теориялык милдеттердин бири болуп саналат. Патриотизм инсандын жарандык жалпылыкка тиешелүү экендигин аңдап-сезүү катары өзгөчө баалуулук,

атуулдук иденттүүлүктүн деңгээли иретинде коомду өнүктүрүүнүн жана гармониялаштыруунун руханий негизи болуп саналат.

**“Корутундуда”** төмөндөгүдөй жалпы логикалык жыйынтыктар алынды:

1. Иденттүүлүк - социомаданий жана индивидуалдык-психологиялык функцияларды аткарган, татаал структуралык түзүлүшкө ээ болгон ар тараптуу кубулуш катары цивилизациялык мейкиндикте жана социалдык убакытта өнүгүп, адамдардын жамааттар, топтор, улуттар, этностор жана мамлекет, маданият менен болгон көп кырдуу карым-катнашын туюнтуп турат. Иденттүүлүктүн вертикалдык жана горизонталдык ченемдерин, обьективдештирүү, индивидуалдык жана топтук аспектилерин, максаттык, мазмундук жана баалоочу параметрлерин бөлүп кароого болот. Ушуга байланыштуу иденттүүлүк феномени ар түрдүү философиялык, этнофилософиялык жана социологиялык, тарыхый-маданий изилдөөлөрдүн предмети болуп саналат.

2.Жарандык коомдо өз ара байланыштар эркин жана ыктыярдуу негизде калыптанат,ал ачык мүнөзгө ээ болуп,мамлекеттен тышкаркы институттарды,мамилелерди өз кучагына алат.

Жарандык иденттүүлүк – маңызы, мазмуну боюнча татаал социомаданий кубулуш, ал өзүнө антропологиялык-гуманисттик, онтологиялык, гносеологиялык, эмоционалдык-баалуулуктук жана субьективдүү-ишмердик компоненттерди камтыйт. Онтологиялык компонент жарандык иденттүүлүктүн болмушун, обьективдүү реалдуулукта барлыгын мүнөздөсө, гносеологиялык компонент көп түрдүү байланышка ээ болгон жарандык иденттүүлүктүн инсандын же белгилүү жалпылыктын өздүк аң-сезиминде жана дүйнөгө болгон көз карашында чагылдырылышын, антропологиялык-гуманисттик аспект атуулдардын социомаданий системадагы ордун, аброюн билдирсе, эмоционалдык-баалуулуктук компонент жарандык иденттүүлүктүн аксиологиялык негиздемелерин, инсан же топ үчүн мүмкүн болгон баалуулук багыттарды аныктайт, ал эми субьективдүү ишмердүүлүк компоненти жарандык иденттүүлүктүн индивиддин, жамааттын турмушунда функцияланышын, жүрүм-турумунда көрүнүшүн туюнтат. Аталган компоненттер жарандык иденттүүлүктүн салыштырмалуу туруктуулугун жана функцияланышын камсыз кылат.

3.Этникалык иденттүүлүк социалдык иденттүүлүктүн өзгөчө формасы сыяктуу эле инсандын социалдашуу процессинде пайда болуп, конкреттүү мүнөзгө ээ. Этникалык, улуттук иденттүүлүктүн маанилүүлүгү, туруктуулугу инсандын базалык социалдык-психологиялык керектөөлөрү, талаптары менен аныкталат. Этникалык иденттүүлүк тилге, маданиятка, улутка, тарыхка, аймакка таянса, жарандык иденттүүлүк атуулдун обьективдүү реалдуулуктагы ордуна,

өлкөнүн ресурстарына, рухий маданияттагы жетишкендиктерге ж.б. социалдык баалуулуктарга негизделет. Этникалык иденттүүлүктүн калыптанышы көз карандысыз мамлекеттүүлүктүн түзүлүшүнө өбөлгө түзгөндүгүнө байланыштуу жарандык, мамлекеттик иденттүүлүк төмөнкү деңгээлде болсо, жарандуулук феномени да эффективдүү функциялана албайт. Демек, жарандык иденттүүлүк индивиддин этникалык мүнөздөмөсүнөн көз каранды.

4.Бири-бири менен тыгыз байланышкан социомаданий кубулуштар ММК, жаштар уюмдары, үй-бүлө, билим берүү мекемелери жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда зор мааниге ээ. Инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун механизмдерине төмөнкүлөрдү кошууга болот: тарбия берүү шарттарын жакшыртуу, билим берүүнүн жана кесиптик даярдыктын деңгээлин жогорулатуу, калктын жашоо образын, этникалар аралык мамилелердеги баалуулуктарды өздөштүрүү, калктын саламаттыгын, маданиятын өнүктүрүү, ааламдашуу шартында басымдуулук кылган нарктуу социомаданий феномендерди, салттуу элдик баалуулуктарды өздөштүрүү, каада-салттарды сактоо, барктоо, улуттардын, этностордун маданиятына сый мамиле жасоо ж.б. Кыргызстанда иденттүүлүктү калыптандырууда этноаймактык, этноулуттук иденттүүлүктүн маанисине да терең көңүл буруп, ошол эле учурда трайбализмдин негативдүү жактарын жоюуга умтулуу зарыл. Мындай жагдайда номаддык этникалык иденттүүлүк зор өзгөртүүчүлүк күчкө ээ.

5. Азыркы Кыргызстандын коомдук турмушундагы олуттуу өзгөрүүлөр, социалдык мамилелердин өнүгүшү, экономикалык, саясий жана маданий чөйрөлөрдөгү модернизациялануу процесси жалпы эле өнүгүүдө жаңы тенденциялардын пайда болушуна алып келди. Аталган процесстер коомдун, айрыкча жарандык иденттүүлүктүн негизин аныктаган детерминанттардын, б.а. баалуулук багыттарынын, мотивдердин, керектөөлөрдүн жана кызыкчылыктардын глобалдуу түрдө өзгөрүшү менен коштолууда. Жарандардын иденттүүлүгү, алардын ааламдашуу шартындагы социалдык өздүк сезүүсү - жаңы жашоо образын, коомдук мамилелер системасын калыптандыруу менен байланышкан проблемаларды ийгиликтүү чечүүнүн, ишмердүүлүктүн социалдык-экономикалык эффективдүүлүгүн арттыруунун маанилүү фактору. Ааламдашуу процесси постиндустриалдык коомдордун керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын обьективдештирип, субьекттердин жашоо турмушун өзгөртүп, миграциялык процесстерди интенсификациялап, урбанизацияны тездетүүдө. Анын натыйжасында социумдарда карама-каршы процесстер - маданияттардын кагылышы, массалык маданияттын таасиринин күчөшү, диний конфессионалдуулук, маданий-саясий толеранттуулуктун айрым пикир келишпестиктери

байкалууда. Мындай татаал абалдан чыгууда адамдын универсалдуулугун калыбына келтирүү зарыл.

6. Патриотизм-коомду жана мамлекетти бир-бүтүндүктө бекемдөөгө, туруктуу өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүк, жарандардагы жогорку сезимдерди жана ишенимдерди калыптандырууга мүмкүндүк түзгөн руханий негиз болуп саналат. Патриотизм же мекенчилдик - жарандык иденттүүлүктүн зарыл көрүнүшү, өзгөчө формасы, калыптануу денгээли. Полиэтникалык мамлекетте патриотизмди калыптандырууда улуттук (этностук) психологиянын, идеологиянын жана маданияттын, рухий-нравалык, интеллектуалдык баалуулуктардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Орунбаева Г.Ж. Национально-культурная идентификация: противоречия и перспективы [Текст] / Г.Ж. Орунбаева // Гуманитарные проблемы современности.- Бишкек, 2012. Выпуск 15.–301-306-б.

2. Орунбаева Г.Ж. Жарандык иденттүүлүктүн болмушу [Текст] / Г.Ж. Орунбаева // Гуманитарные проблемы современности.-Бишкек, 2012. Выпуск 16.-97-102-б.

3. Орунбаева Г.Ж., Шарипова Э.К. Этникалык, улуттук иденттүүлүк [Текст] / Г.Ж. Орунбаева, Э.К.Шарипова //Вестник Института философии и политико-правовых исследований НАН КР. -Бишкек, 2013 -№2. -118-123-б.

4. Орунбаева Г.Ж., Салимов Р.Ш. Глобализация: проблемы идентификации и демократии в Центральной Азии [Текст] / Г.Ж.Орунбаева, Р.Ш.Салимов // «Изденис». Научный журнал министерства образования и науки. -Алматы, 2013.№ 3. -70-75-б.

5. Орунбаева Г.Ж. Жарандык коом: философиялык анализ [Текст] / Г.Ж. Орунбаева // Гуманитарные проблемы современности.-Бишкек, 2013. Выпуск 18.-87-96-б.

6. Орунбаева Г.Ж. Иденттүүлүк жөнүндөгү философиялык изилдөөлөр [Текст] / Г.Ж. Орунбаева //Гуманитарные проблемы современности.- Бишкек, 2013. -Выпуск 18. 96-102-б.

7. Орунбаева Г.Ж. Жарандык иденттүүлүк: философиялык анализ [Текст] / Г.Ж. Орунбаева // Гуманитарные проблемы современности.- Бишкек, 2014. Выпуск 19.- 42-45-б.

8. Орунбаева Г.Ж. Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу механизмдери [Текст] / Г.Ж. Орунбаева // Гуманитарные проблемы современности.-Бишкек, 2014. Выпуск 19.-46-49-б.

9. Орунбаева Г.Ж. Патриотизм - жарандык иденттүүлүктүн деңгээли [Текст] / Г.Ж. Орунбаева // Вестник ОшГУ.-Ош, 2014. №5.-42-45-б.

Орунбаева Гулкайыр Жолоновнанын философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 09.00.11 - социалдык философия адистиги боюнча жазылган **“ Жарандык иденттүүлүк: философиялык анализ”** аттуу темадагы диссертациясына

## Р Е З Ю М Е

**Чечүүчү сөздөр:** иденттүүлүк, социалдык иденттүүлүк, жаран, жарандуулук, жарандык иденттүүлүк, идентификация, мамлекеттик, позитивдүү иденттүүлүк, негативдүү иденттүүлүк, этникалык иденттүүлүк, ааламдашуу, иденттүүлүктүн деңгээлдери, патриотизм.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп жарандык иденттүүлүк саналат. Изилдөөнүн **предмети** катары жаңы геосаясий мейкиндиктеги жарандык иденттүүлүктүн табияты, ааламдашуунун бул феноменге тийгизген таасири эсептелет.

**Диссертациянын негизги максаты** - ааламдашуу контекстинде жарандык иденттүүлүктүн маңызын социалдык-философиялык өңүттөн анализдөө.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин** диалектиканын принциптери (жалпы байланыш, өнүгүү, карама-каршылык, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, тарыхыйлуулук жана логикалуулук ж.б.) түздү. Ошону менен бирге изилденүүчү проблеманын имманенттүү мазмунун ачуу үчүн илимий таанып-билүүнүн формалдык-логикалык жана тарыхый-салыштырма ыкмалары, цивилизациялык-маданият таануучулук, синергетикалык усулдар пайдаланылды.

Изилдөөдө ааламдашуу процессинин контекстинде жарандык иденттүүлүктүн эволюциялык табияты жөнүндөгү чет өлкөлүк, ошондой эле ата мекендик окумуштуулардын философиялык, социологиялык ой жүгүртүүлөрү колдонулду.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси**

Илимий иштин теориялык мааниси ааламдашуу шартындагы жарандык иденттүүлүк жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Диссертациядагы теориялык-методологиялык нуктагы натыйжаларды азыркы идентификациялык процесстерди талдоодо, жарандык иденттүүлүктүн келечектеги өнүгүү тенденциясы менен байланышкан проблемаларды өздөштүрүүдө колдонууга болот.

Диссертациянын материалдарын, теориялык-методологиялык принциптерин, жыйынтыктарын социалдык философия, глобалистика, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу, саясат таануу боюнча атайын курстарды даярдоодо пайдалууга мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

диссертации Орунбаевой Гулкайыр Жолоновны на тему:
“**Гражданская идентичность: философский анализ**”, представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия

**Ключевые слова:** идентичность, социальная идентичность, гражданин, гражданство, гражданская идентичность, идентификация, государственный, позитивная идентичность, негативная идентичность, этническая идентичность, глобализация, уровни идентичности, патриотизм.

**Обьектом данного исследования** выступает гражданская идентичность. Предметом же исследования является бытие гражданской идентичности в новом геополитическом пространстве, а также влияние глобализации на гражданскую идентичность.

**Основной целью диссертации** является социально-философский анализ гражданской идентичности в контексте глобализации.

В основе исследования были положены принципы диалектики, а именно восхождение от абстрактного к конкретному, исторического и логического. В процессе исследования были использованы системный, формально-логический и исторический методы научного познания. Использовались также системно-целостный, сравнительно-исторический, цивилизационно-культурологический подходы.

В работе использовались труды, идеи и положения представителей зарубежной философской, психологической и социологической мысли по проблемам гражданской идентичности, а также проблемам глобализации.

**Теоретическая значимость исследования** состоит в углублении и расширении социально-философских знаний о гражданской идентичности в современных условиях глобализации. Полученные в исследовании результаты, обобщенные в социально-философскую концепцию, могут рассматриваться при анализе современных процессов, а также могут быть использованы при изучении проблем, связанных с перспективой государственности.

Материалы диссертации, а также теоретико-методологические принципы, выводы и результаты исследования могут быть использованы при создании специальных курсов по социальной философии, глобалистике, философии культуры, истории философии, культурологии, истории мировой культуры и т.д.

## RESUME


On dissertations of Orunbaeva Gulkair Jolonovna on the theme: **«Citizen identity: philosophical analysis»**, presented for the degree of candidate of philosophy specialty 09.00.11- social philosophy.

**Key words:** identity, social identity, citizen, citizenship, citizen identity, identification, state positive identification, negative identification, ethnic, globalization, identity standards, patriotism. The object of the investigation is citizen identity.

The subject of the investigation is the existence of citizen identity in a new geopolitical space and the influence of globalization for the citizen identity.

The main purpose of the thesis is social and philosophical analysis of citizen identity in the sphere of globalization.

The study based on the principles of dialects namely revealed from abstract to the concrete, historical and logic. During the study were used a systemic, formal-logical and historical methods of scientific knowledge.

It were used the system – holistic, comparative historical, civilization and cultural approach. It were used the works, ideas and regulations of representatives of foreign philosophical, psychological and sociological ideas of citizens identity issues as well as the problems of globalization.

The theoretical value of the study is in improving and expanding of social and philosophical knowledge on citizen identity in today's globalization world.

The results of the study, summarized into social and philosophical conception may be considered in the analysis of contemporary processes and they may be used in problem of study prospects of the country.

The materials of this dissertation and theoretic methodological principles and results of research can be used in creating special courses on social philosophy, globalization, philosophy of culture, history of philosophy, cultural science, history of world culture and etc.

Форматы: 60х84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү:  9,25  б.т.            Нускасы: 100
Басууга 04.12.2014 кол коюлду

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Адрес: Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru